4. Джусубалиева Д.М. Формирование цифровой компетентности будущих учителей иноязычного образования в ходе обучения в вузе//Сборник материалов Круглого стола «Современное языковое образование: традиции и инновации».- Алматы: КазУМОиМЯ им. Абылай хана, 2022.-С 10-15.
5. The European qualifications framework for lifelong (EFQ) .Luxembourg: Office for Official Publications of the European Comminities(2008).http:ecomprеtences.eu].
6. Buzaubakova K. The portal smart-pedagog.kz as means of increasing digital competencies of future teachers //Incte'22 6th International Conference on Teacher Education. - Bragança, 2022 .- 206-208 p.
7. Buzaubakova K., Kudabayeva P. The electronic textbook «Pedagogy»in the formation of digital competencies of teachers// Incte'22 6th International Conference on Teacher Education. - Bragança, 2022.-133-136 p.
8. Бузаубакова К.Д., Амирова А.С., Маковецкая А.А. Цифровая педагогика: Учебник /К.Д.Бузаубакова, Амирова А.С., Маковецкая А.А. –Тараз: «ИП «Бейсенбекова А.Ж.», 2023. -320 с.

УДК 371.335:75
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-233-239

**Жамангулова К.Ү., Оторбекова А.М.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Жамангулова К.У., Оторбекова А.М.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Zhamangulova K.U., Otorbekova A.M.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

ORCID: 0009-0006-4382-4298 [2]

# КЫРГЫЗ СҮРӨТЧҮЛӨРҮНҮН ЭМГЕКТЕРИ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН КӨРКӨМ ӨНӨРГӨ БОЛГОН БИЛИМИН АРТТЫРУУ
# ПОВЫШЕНИЕ ЗНАНИЙ СТУДЕНТОВ ОБ ИСКУССТВЕ ЧЕРЕЗ ПРОИЗВЕДЕНИЯ КЫРГЫЗСКИХ ХУДОЖНИКОВ
# IMPROVING STUDENTS' KNOWLEDGE OF ART THROUGH THE WORKS OF KYRGYZ ARTISTS

**Аннотация:** Макалада сүрөт өнөрүнүн тарыхы, өсүп-өнүгүү этаптары сүрөтчүлөрдүн кайрылган темалары жана ата мекендик сүрөтчүлөрдүн чыгармалары аркылуу студенттерге көркөм өнөргө болгон билимин арттыруу боюнча кеңири маалыматтар каралды. Көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү, жанрлары жана ата мекендик сүрөтчүлөрдүн жараткан чыгармаларын талдоо окуй билүү, чечмелеп маанисин ачып берүү болду. Сүрөт чыгармалары аркылуу окуу жайдын студенттерине арналган билимдер, өнөрдүн түрлөрү жана ой пикирлер камтылды. Кыргыз сүрөтчүлөрүнүн чыгармаларынын билим берүүдөгү сүрөтчүлөрдүн эмгектери аркылуу студенттердин билимин арттыруунун мааниси жана искусство, сүрөтчү, графика өнөрү, сүрөтчүлөр алардын иштеринин мааниси, мазмуну, ошол

учурдагы актуалдуулугу тууралуу кыскача мүнөздөмөлөр берилди. Ата мекендик сүрөтчүлөрдүн чыгармаларындагы алар кайрылган негизги темалар, ачып берген образдар чечмеленди.

**Аннотация:** В статье отражены история искусства, этапы развитие изобразительного искусства, и темы произведений отечественных художников, а также рекомендации для учителей по совершенствованию знаний студентов об изобразительном искусстве через произведения отечественных художников. Виды и жанры изобразительного искусства, описано и раскрыто содержание произведений отечественных художников для того, чтобы студенты знали эти произведения. Для студентов образовательных учреждений вошли понятия и высказывания о произведениях художников. Краткое описание о содержании произведений отечественных художников, актуальность тем, образов в произведениях, о роли овладения знаниями о произведениях отечественных художников в образовательном процессе. Основные темы и раскрытие образов произведений над которыми работали отечественные художники.

**Abstract:** The history of art, the stages of its development, topics addressed by artists, and extensive information on improving students' knowledge of art through the works of domestic artists were considered in the article. It was dealt the ability to read and analyze the types, genres and works of domestic artists, interpret and reveal their meaning in the article. Knowledge, types of art and ideas for the students of the educational institution were included through the works of art. The importance of increasing the knowledge of students through the works of artists in the education of the works of Kyrgyz artists and the meaning, content, and current relevance of art, artists, graphic arts, artists, and their works were briefly described. The main themes and images revealed in the works of domestic artists were interpreted.

**Негизги сөздөр:** сүрөтчү, чыгармалар,чыгармачылык, жөндөмдүүлүк, сүрөтөнөрүнүн түрлөрү, искусство, графика, маданият.

**Ключевые слова:** художник, произведения, творчество, талант, виды искусства, искусство, графика, культура.

**Keywords:** artist, works, creativity, talent, types of art, art, graphics, culture.

Көркөм сүрөт өнөрү жана кыргыз сүрөтчүлөрдүн чыгармаларыны аркылуу студенттердин билимин арттыруунун мааниси окуу жайлардын окуучу студенттеринин бул тармакты окутууда - сүрөт маданиятынын ар бир басып өткөн жолун толук билүүлөрү кажет. Ошол доордогу сүрөтчүлөрдүн чыгармалары жана бедизчилердин эмгектери, уз-чебер декоративдик-прикладдык өнөр, байыркы архитектура жана башка ошондой эле кол өнөрчүлөрдүн аткарып калтырган буюм-тайымдары тууралуу аңгемелешип көркөм каражаттардын жардамы менен көрүп окуу, элестетүү, эске тутуу аркылуу аларды тарыхты сактоого, көркөм өнөр маданиятын өнүктүрүп заман талабына жараша өстүрүүгө, эстетикалык баалулуктарды жаратууга, калыптандырууга үйрөтөбүз. Искусство өтө зор кеңири түшүнүк болгондуктан ага: көркөм сүрөт өнөрү (графика, живопись, декоративдүү өнөр, бедиз, архитектура) адабият, музыка, балет, театр жана кино тармактары кирет. Искусствонун ар-бир түрүнүн өзүнө гана таандык таасир берүүчү касиеттери бар. Мисалы: графика-сызыктардын түрү же шилтемдер менен иштесе, живопись - түстөрдүн тондук ыргагы менен иштелет, ал эми бедиз жана архитектура-көлөмдү чагылдырып бере алат, адабият – сөздөрдүн уюткусу, чебери, музыка - добуш, үн, обон менен коштолсо, балет ийкемдүү кыймыл менен жан дүйнөнүн ошол учурдагы абалын образдуу бий менен жеткире

аткарып салат. Демек, искусствонун ичинен көркөм сүрөт өнөрүндөгү чыгармаларды көзүбүз менен көрүп чебер устаттардын колунан жаралган эмгектерге таасирленебиз, сабак алабыз, ошол учурду көз ирмем менен жан дүйнөбүзгө сиңирип жашап өтөбүз, тарыхты билебиз, тиричиликтин коомдун ар бир мезгилин көрөбүз, мамилесин, мүнөзүн баамдап туябыз, сезебиз. Ошону менен бирге билим алуучуларга сүрөт өнөрүндөгү негизги жанрлары жана түрлөрү тууралуу толук маалыматтарды ар бир сабак берүүдө иреттүү, колдоно алсак, сабагыбыз мындан да натыйжалуу болуп жүрүп отурат. Көркөм өнөрдүн түрлөрү жана жанрлары бар.[1.40]

Сүрөт жаатында ар бир эмгектенген чыгармачыл инсан мейли мектепте, орто окуу жайда, жогорку окуу жайда болобу бул жогорку билимге каныккан ар бир бөлүнгөн түрлөрү тууралуу толук түшүнүгү бар, сүрөтчүлөр тууралуу маалыматка бай коомдун агымына жараша аракеттенген тарбиячы, чебер өнөрлүү, өз ишин мыкты өздөштүргөн билимдүү, чыгармачыл педагог болушу зарыл. Эң негизги токтоло турган темабыз ата мекендик сүрөтчүлөрдүн чыгармалары аркылуу көркөм өнөргө болгон билимин арттыруу болгондуктан оболу сүрөтчү жана чыгармачылык жана андагы тарбия, эмгек, өнөр тууралуу токтолсок да туура болоор.

Сүрөтчү ким? - бул жөнөкөй суроо, бул суроого ар бир инсан ар башкача жооп берип же сүрөттү тарткан адам деп коюшу да толук мүмкүн. Чын эле? Сүрөтчү кандай киши? -Бул чыгармачыл идеяны, жаңылыкты, ойду айта да, бере да, сүйлөтө да, тарта да билген баардык окуяны, нерсени, көрүнүштү, сезимди, өзгөчөлүктөрдү жан дүйнөсүнөн өткөрүп аны түрдүү тегиздиктин же түрдүү каражаттар менен дал өзүндөй чагылдырган жарашыктуу жайгаштырып бере билген, курамын туура түзгөн бүт энергиясын тартыла турган ар бир эмгегине, чыгармасына арнаган эмгекчил, таланттуу жан дүйнө байлыгын, айта турган оюн өзүнүн элинин, ааламдын өзгөчөлүгүн, тиричилигин, кунумдук жонокой нерсени кайталангыс сүрөткө айландырган, өнөрлүү, сезимтал адам жана ойду тегиздике максаттуу жандуу кылып түрдүү ыкмада түшүргөн чебер, сүрөткер, чыгармачыл инсан десек да болот. Сүрөтчүнүн өсүшүнө анын өзүнүн гени, жөндөм шыгы аракетинен сырткары, коомдун өсүшү, жашаган чөйрөсү тиричилик ж.б. баары таасирин тийгизет. Баардык сүрөтчү бирдей деңгээлде баардык сүрөт өнөрүнүн түрлөрүн жана жанрларын жогорку деңгээлде иштей албашы мүмкүн. Ошондуктан көркөм өнөрдө сүрөтчүлөр жөндөмүнө, шыгына, каалоосуна, табитине, тандоосуна жараша ар башка же бир нече көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрүн, жанрларынын үстүндө талбай өз алдынча изденип эмгектенишет мыкты чыгармаларды жарата алышат. Ар бир сүрөт өнөрүнүн түрү бири-биринен айырмаланып өзгөчөлөнүп турат. Ошондуктан, сүрөтчүлөрдүн ойлогон оюу, кыялы жана иштеген өзгөчө иштери, колдонгон ыкмалары, шилтемдери, шык, талант, өнөрү менен бири-бирине эч окшошпой айырмаланып турушат. Муну биз алардын жараткан ар бир чыгармасынан байкасак болот.

Дегеле, сүрөт тартууда эң негизги маанилүү кадам бул анын өзөгүн түзгөн бере турган идея же ой болуп саналат. Сүрөтчүнүн идеясы, иши бүт ааламды суктандырып чыгармачылык дүйнөнү ачып, ошол элдин баасы жок түгөнгүс байлыгы болуп да калышы мүмкүн. Сүрөтчүнүн оюндагы алгачкы барак бетине түшкөн сүрөттөлүш же чийме көркөм өнөрдө эскиз деп берилет. Эскиз - бул шилтем менен 5-10 минутанын ичинде иштелген сүрөт. Мына ушул ийгиликтүү аткарган шилтемдер келечектеги жарала турган мыкты чыгарманын негизи, өзөгү, маңызы десек да болот. Ар бир сүрөтчү жаралган эмгегин биринчи оюунда анан барып топтолгон ойду гана эскиз кылып тегиздике тартып жайгаштырат. Эми ошол эскизди майда бөлүкчөлөрүнө чейин тактап иштеп жарашыктуу

жайгаштырып маанисин, маңызын сактап шилтемдер менен тартып, купулуна толгондон кийин гана боёк сүртүмдөрү менен жан киргизип, көлөмүн жана түс ыргагын үзбөй этаптуу иштейт да көрүүчүлөргө сунат. Бирок ар бир сүрөтчүнүн жараткан эмгеги ар түрдүү убакытта башталып, узак же ылдам убакытта барып бышып, улам оңдолуп тартылып отуруп анан гана даяр болот. Ар бир сүрөтчү жараткан чыгармада темасына ылайыктуу ой, максат, үмүт, окуя, тарых, кыял, маанай, тарбия, суйүү, элес, тиричилик ж. б. жуурулуштуруп, айкалыштырып белгилүү ыргакта бере алат. Жазуучу жан дүйнөсүндөгү махабатын, басып өткөн жолун же таасирленткен турмушту сөз менен көркөмдөп берет же аны китеп кылып жазат ал эми сүрөтчү ошонун баардыгын бир полотного батырып боёк сүртүмдөрү менен жан киргизип эрежеден чыгып да чыкпай да бүт энергиясын кыл калемдин учуна өзүнө жумшайт да жазуучу жазган бир китепти же акындын ырын көрүүчүлөргө сүрөткө айлантып холстко тартып берет. Бирөк аны ар бир көрөрман өз сезимине, туюмуна, дээрине жараша сезет, окуп талдайт, сындайт, суктанат же жөн эле көрөт. Биз сүрөттү ар бирибиз өз таанымыбызга, билимибизге, зээнибизге жараша чечмелеп карап туруп окуп же өз ичибизден сүйлөтө алабыз, эгерде аны жакшылап кунт коюп түшүнүп карасак. Көркөм сүрөт өнөрүнүн маданиятынын өзгөчөлүгү жана артыкчылыгы да так мына ушунда. Сүрөтчү аткарган эмгектен биз бир да түшүндүрмө берген сөздү кездештире албайбыз. Анткени ар бир инсан өзүнүн дүйнө таанымына жараша алдындагы көркөм чыгарманы белгилүү деңгээлде түшүнө алат. Чыгармачыл инсан болобу же башка кесиптин ээси болобу, мектептин, орто, жогорку окуу жайдын студенти болобу, көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү өзгөчөлүктөрү тууралуу кичинекей болсо да билимге, түшүнүккө ээ болушу адамзат коомунун жан дүйнөсүнүн чыгармачылык жактан өсүп өнүгүшүнө, тарбияланышына, жашоосуна пайдаланышына чон салым кошо алат. Көркөм өнөрдүн ар бир түрү бири-биринен айырмаланганы менен баардыгы биригип бир жалпы сыйкырдуу, табышмактуу ааламдай болуп адамзатты өзүнө кызыктырып, суктандырып тартып, жашоосун көрктөп турары чындык. Көркөм өнөрдө ар бир мамлекет, өлкөнүн маданиятында түрдүү артыкчылыктар, өзгөчөлүктөр жана окшошпостуктар кездешет. Ар бир улуттагы сүрөтчү, өнөрчүлөрү ааламдагы түрдүүлүктү түрдүүчө, кызыктуу, жөнөкөй, креативдүү кабыл алып аны түрдүү ыкмада, түрдүү каражатта чагылдырып адамзаттын алдына сынга коет. Аны ар бирибиз каалагандай ачып, ой чабытта окусак болот. Аткарылган ар сүрөткердин чыгармасы окуй алган окурманга көз каранды. [4.53]

Биз аларды таануу менен көркөм өнөргө болгон билимибиз артып, дүйнөнү таанып, ошол эле учурда өзүбүздүн көркөм дүйнөбүздү да байытабыз. Эми өзүбүздүн көркөм өнөрүбүздүн басып өткөн жолуна, тарыхына келсек. Кыргыз көркөм сүрөт искусствосунда ар бир түрү жанрларынын өнүгүү этаптары ар түрдүү темаларга бай болуп ар башка белгилүү этаптарда өнүгө алган. Алсак, сүрөт искусствосунун башка түрлөрүнө караганда өнөрдүн башаты болгон графика өнөрү да белгилүү бир өсүшкө ээ болгон. Графиканын ар кандай түрлөрү улам барган сайын чыгарманын аткарылыш техникасына, анын колдонулушуна жараша жана ар бир доордун өнүгүшүнө байланыштуу бара-бара өсүп-өнүгө баштаган. Кыргызстанда графика өнөрү живопись өнөрүнө караганда кеч өнүккөн. 1930-жылдардын башында живописчилердин тобу түзүлгөн ал жаңыдан гана пайда болгон живопистик мектептин изденүүсүнүн мүнөзүн жана багытын алдын ала көрсөтө алган. Ал топ С.А.Чуйков, В.В.Образцов, Г.А.Айтиев, С.М.Акылбеков, М.И.Игнатьев улуу муундагы живопись өнөрү менен иштеген муун болгон. “Графика өнөрү” болсо ал кезде кокусунан бир чыга келген нерсе катарында газеталык макалаларга иллюстрация иретинде жана этюддар

менен бирдикте живопистик композицияларга жардамчы материял катарында гана зарисовкалар менен колдонулуусу чектелген.

Кыргызстандагы дасыккан сүрөтчүлөрүбүз менен катар жөндөмдүү жаштар графика өнөрү менен талбай кызыгуу менен бүгүнкү кундө да эмгектенип келүүдө. Алардын ар биринин өзүнө таандык почерки, эч кимге окшобогон өзүнө гана таандык сүрөт түшүрүү жөндөмү, щилтемдери, чыгармалары бар. Ар муундагы сүрөтчүнүн өз алдынчалыгы, өзгөчөлүгү болгон менен баардыгы мезгилдин көркөмдүк идеялык талабына бирдиктүү жооп берип бир максатка умтулушат. Ошол учурдагы белгилүү сүрөтчүлөрүбүз өзүлөрү кызыккан турмуш жагдайларын чагылдыруу менен ар бири өзү жашаган коомго белгилүү деңгээлде салым кошуп келишкен. [3.28]

Кыргызстандын сүрөтчүлөрү Л.А.Ильина, А.Н.Михалев, А.А.Сгибнев, И.А.Белевич жана башка сүрөтчүлөрүбүз кыргыз көркөм искусствосунун ажарын ачышты. Ар биринин чыгармасынан элдин тарыхый, үрп-адатын, салт-санаасын, ошол кездеги коомду куруудагы эрдиктерин, индустриялдуу өнөр-жайыбыздын өрүш алышын, табият сулуулугун жана башкаларды көркөм сүрөт өңөрүнүн түрдүү багытта өсүшүнөн баамдоого болот. Алар чеберчилике зор кунт коюп, чийме маданиятынан баштап, графиканын спецификалык техникасын машыккандык менен пайдаланышканы ар бир аткарган чыгармасынан даана сезилип, көрүнүп турат. Графика өнөрүнүн өсүшү 60-жылдарга таандык, 30-жылдарда графика жана скульптура өнөрү келген. Ошол учурдагы чыгарылган адабияттар иллюстрацияланбастан жарык көргөн. Согуштан кийинки мезгилде Кыргызстанда да китепке болгон же басмалык иштин өркүндөшүнөн улам китеп сүрөтчүлөрүнө болгон зор муктаждык, зарылдык келип чыккан. Кыргызстанга 40-жылдары келген орус сүрөтчүсү Л.А.Ильинанын иштери менен дүйнөлүк адабиятты байытууда зор салымын кошо алган десек болот. Китептерди жасалгалоо боюнча этаптык иштеринен алсак, М.Ауезовдун “Абайы” жана Б.М.Кербобаевдин “Чечүүчү кадамына” карата иштелген чыгармачылык менен аткарган иллюстрациялары болгон. Эң сонун офорторду, пастелдерди, литографиялык иштерди жана мыкты сүрөттөрдү жараткан. Анын “Кыргыз жаштары”,”Сүйүү” жана ”Жай”, “Атчан кыздар” аттуу иштери офорт техникасы менен чебер өздөштүрүп, адам баласынын жашоо тиричилигиндеги чыгармаларга жаңыча мамиле жасоо менен образды түзүүнүн жаңы орчундуу учурларын таап, каармандардын ички сырын даана ачып бере алган. Бул композицияларында принциптерин издегендигин, ар бир кырдаалды ыктоо коюп ойлонуштуруп, лирикалык сезим туудуруга аракет кылгандыгын баардык иштеринен байкоого болот. Иллюстрацияда адамдын образын түзүүдөгү анын айрым табылгалары китептик кислографиялардан айырмаланып турган гравюралык техника менен линолеумга түшүрүлгөн “Кызылчачы аял”-деген ишинде талдай алган. Л.А.Ильинанын эмгектери өзү менен бир доордо жашаган замандаш аялзатына арналып гравюралык техникада аткарылган “Энелик мээрим”,”Кыргызстандын жаштары”, “Дүйнөнүн аялдары”, “Студентка”, “Кыз куумай” аттуу монументалдык композициялык иштеринде ар бир деталдардын конкреттүүлүгүнө, көркөмдүүлүгүнө жетишип композициялык курч кырдаалга чейин көтөрүп бере алган. Анын графикалык тили, силуеттердин түшүнүктүүлүгү менен композициянын негизги мазмундуулугу чыгармага кандайдыр бир зор кубат берип тургандыгын көрүүгө болот. [2.65]

1928-1980-2015-жылдар аралыгында жаралган чыгармалары көркөм сүрөт өнөрүнүн ар бир түрү, баардык жанрлары белгилүү деңгээлде өсүп өнүккөн. Алгач тема боюнча сүрөт тартуу, натурадан иштөө, элестетип тартуу басым жасалган жана көтөрүлүш, үркүн,

уюштуруучулук, кесипкөй инсандар жана мергенчилик, революция жана скульптура, токчулук, эмгек, табият сулуулуктары, кубулуштары, перспектива, анималистик жанр, фантастикалык сүрөттөр, театрдык эзкиздер аткарылган.Улам барган сайын көркөм өнөрдүн өсүшү кулач жайып плакаттар, жарнамалык сүрөттөр жана үй-бүлө темасы китеп графикасы, өнөр жай графикасы, компьютердик графикасы, ж.б. көптөгөн көркөм иштер аткарылып толуктоолор киргизилип келет. Сүрөт өнөрү узак баскан жолунда андагы жаралган ар бир чыгармалар аркылуу жөнөкөй күнүмдүк турмуштагы эмгектин жүрүп аткан учурун дал өзүндөй жөнөкөй тартып көрүүчүлөрдү эмгеке шыктандырып, жөнөкөйлүкө багыт бергенин көрүүгө болот. Башка чыгармалар согуш мезгилиндеги элдин ынтымактыгын, үмүтүн, биримдигин, эмгегин, уюштуруучулук иштерин ачып берди. Белгилүү инсандардын басып өткөн тагдыры, турпаты, мезгили, ойу, мүнөзү,түсү, ыргагы аркылуу келечеке тарыхты, сезүүнү көрүүнү жана сулуулукту жарата билүүнү үйрөткөн чыгармалар аткарылган. Ар бир тартылган чыгарма ошол мезгилдин маанилүү учурларын, маанайын тиричилигин, негизги маселесин көргөзүп турат. Кыргыз сүрөт өнөрүнүн басып өткөн жолун ата мекендик сүрөтчүлөрдүн кайрылган негизги темалары аркылуу мезгилдин коомдун жана сүрөтчүлөрдүн оюн, максатын, туюмун, тиричилигинөсүшүн, өзгөрүшүн, жаңыланышын көрүп туябыз, үйрөнөбүз. Жаңы билим алууда, сүрөт жаратууда биз ал мурунку тарыха таянабыз. Сүрөт өнөрүндөгү жаралган чыгармалардын окуу-тарбия ишиндеги ролу кандай болушу мүмкүн? Жалпы билим берүүнүн жаңы шартагы системасына ылайык, ар кандай мүнөздөгү окуу жайларда, колледждерде, автордук, менчиктик, гимназиялык, лицейдик, базистик жана мамлекеттик мекемелеринде окуп жатышкан студент жана окуучуларга көркөм билим, эстетикалык тарбия берүүдө искусствонун, анын ичинен сүрөт өнөрүнүн тарбиялык маниси зор. Сүрөт өнөрүндөгү ар бир сүрөткер жараткан чыгармалары бул ар бири жан дүйнөдөн өтүп тегиздик бетине бир максатуу ой менен ар түрдүү темада, ыкмада берилген чыгармачыл шилтемдер, же эмгек экендигин билишибиз керек. Ар бир чыгарма аркылуу студентерге турмуштун кайталандысын көркөмдөп же дал өзүндөй, чындыктын ар кандай кырдаалын өзгөртпөй, өзгөртүп да, жаратылышты жана коомдук, социалдык, экономикалык түзүлүштү тиричиликти туура кабылдап, туура тануга аны көрө, сезе билүүгө жана турмушта чыгармачылык менен колдоно билүүгө үйрөтөт. Ошону менен бирге студент окуучулар өнөр чыгармаларынан өткөндүн элесин, тарыхын, жаңынын эртеңкисин көрүшөт, күрөшүн, тагдырын, үмүтүн, сүйүүсүн да эмгегин жана келечек жөнүндөгү ишеничин көз алдына элестетип, окуп үйрөнүп билишет. Сүрөтчү тарабынан билгичтик менен берилген көркөм таасир, ойдун элестетүү образы студент окуучунун кабылдосуна, таанып билүүсүнө, көркөм маданиятына өсүшүнө, чыгармачылыгына, эстетикалык өсүшүнө анын акыл билиминин бийиктешине, ой-сезиминин байышына, студенттердин кулк-мүнөзүнүн калыптанышына жардам берет. Бул бөлүмдөгү негизги маселе коом үчүн ар тараптан өнүккөн билимдүү, маданияттуу инсанды тарбиялоо. [2.21]

Элибиздин өнөр маданиятын, кыл калем чеберлеринин көркөм дастандарын таанып суктана билүү, патриоттук сезимге алуу менен гана чектелбестен, ал аркылуу дүйнөлүк өнөр кенчине аралашуу болуп саналат. Жан дүйнөнү байытуу жана коомдогу баардык маданиятка жетишүү жана студентеги эстетикалык ачылыштардын бүтүн тармагына активдүү катышууга жол ачып, багыт берүү болуп саналат. Өзүнүн табият, заты, мазмуну, формасы жагынан кызыктуу келип, студентерди көркөм билим, эстетикалык тарбия жана ыйман маданиятына үйрөтүү окуу-тарбия ишине киргизилиши маанилүү. Көркөм чыгарманын талданышындагы негизги мугалим колдонуучу сабактын методу аңгемелешүү болуп саналат.

Жалпы билим берүүчү мектептерде сүрөт өнөрүнүн чыгармаларынан аңгеме өтүүнүн башкы максаты, сүрөт өнөрүнүн көп кырдуу тили, көркөм формалары көркөм каражаттары аркылуу студенттерге көркөмдүк чыгармачылык билимге ээ кылып, эстетикалык тарбия берүү болуп саналат. Аларды өнөргө-элибиздин маданиятынын жан дүйнө же акыл-ой байлыгынын булагына жаратылыш, эмгектеги, өнөрдөгү, тиричиликтеги кызыктуу көрүнүштөргө чыгармачылык менен эстетикалык мамиле жасоону үйрөтүү негизги максат. Көркөм таанып билүүлөрдүн жана элестетүүлөрдүн негизинде туура аракеттерди системалуу, максаттуу көндүмдөрдүн негизинде чыгармачыл иш аракеттерге катыштырууда турат. Колледжде билим алган студенттер үчүн эң керектүү нерсе көркөм чыгармалардагы образдар дүйнөсүн ачып аңгемелешүү аркылуу аны туура элестете билүүсүндө турат. Андан кийин аны барак бетине туура эрежени сактап түшүрүү аракеттерин ар бири келечекте практикалай алуусу, туура тартып жайгаштырышы, идеяны сакташы негизги максат болушу керек. Сабак учурунда аңгемелешүү жүргүзүү ар бир теманын өзгөчөлүгүнө жана ар бир мугалимдин тандап алган методуна, изденүүсүнө, аракетине жараша ишке ашат. Сабактын натыйжалуу болушу сүрөтчү мугалимдин аракет, эмгек, изденүүсүнө көз каранды экендигин бүгүнкү студент билүүсү кажет.

Демек, баса белгилөөчү нерсе студенттин алгачкы эмне сезип чыгармадан эмнени көрө алгандыгы анын өнөрдү туура баамдап, окуй алуусун туура сурамжылоо аркылуу билип алуубуз кажет. Студенттер өз оюн толук айтып бүткөндөн кийин гана, окутуучу мугалим байкап жетишпеген билимин толуктап туруусу зарыл экендигин билүүсү керек. “Бүгүнкү студент эртенки мугалим”-экендигин мугалимден үйрөнгөнүн эртен мектеп балдарына үйрөтөөрүн унутпашыбыз керек. Демек коомду тарбиялаш үчүн жаштарды туура билимге элдик байлыкка, өнөргө, билимге туура сугаруу, эмгекке үйрөтүү керек экендигин биз билим ээлери бири-бирибизди тарбиялап жүрүп отураарыбызды азыркы келечек сезиш керек. Өз элинин көркөм маданиятын билбей туруп, башка элдердин тили-дилин, көркөм маданиятын түшүнүү өтө кыйын. Алгач өзүбүздү эмгегибизден, чыгармаларыбыздан, өнөрүбүздөн, тарыхыбыздан таанайлы.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1.Художники Советский Киргизии. 1982 г.

2.Изобразительное искусство Кыргызстана.Фрунзе.Кыргызстан 1987 г.

3.”Советтик Кыргызстан”.Бишкек.Кыргызстан.1983 г.

4.”Двенацать киргизких графиков” 1969 г.

5. Мектепте сүрөт искусствосун окутуунун методикалык негиздери Ж.Сыдыгалиев.2010



УДК :37.00.422.(675.2)(04).

DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-239-245



**Жакеева Р. Ж., Өмүрова А. А.**

К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети

Ж. Баласагын атындагы КУУ

**Жакеева Р. Ж., Омурова А. А.**

Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева

КНУ им. Ж. Баласагына

**Zhakeeva R. Zh., Omurova A.A.**